Ал күндөр бейишимдин төрү беле?

Мен сени сагындымбы биле албаймын,
Мен сага таарындымбы биле албаймын. Билемин жалгыз гана элесиңди,
Дайыма мени жандайт таналбаймын.

Санааркап сар- санаага багынбайын,
Турмуштун агымында агылайын.
Биз жүргөн айлуу түндөр эргүү берип,
Таттуу бир кыялдарга багынайын.

Оо күнүм жарык чачкан эргип дене,
Биз үчүн сагынычтар жалгыз кеме.
Жашоомдун көркүн ачып өмүр берген.
Ал күндөр бейишимдин төрү беле.?

Тагдырлар кабылдырган жүрөк бирге,
Кубулжуйт кылдар ойноп күүлөп миңге
Секелек сезимдерге гүл өндүргөн
Ал күндөр бейишимдин төрү беле???